**Социалдык-гуманитардык дисциплиналар кафедрасынын кезектеги жыйынынын №1 протоколу**

2023-жылдын 4-сентябры
Ош шаары, ЭМФ, 2-корпус.
Төрайым – Ысмаилова Р.А.
Катчы – Исаева М.А.
Катышкандар: 16
Келбегени: 1

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

1. Кафедранын активдерин кайра шайлоо
2. 2023-2024-окуу жылына түзүлгөн НББПны жана анын максаттарын, окутуунун натыйжаларын талкуулоо, аларга шайкеш келген дисциплиналардын максаттарын жана күтүлүүчү натыйжаларын талкуулоо. Компетенциялар матрицасын бекитүү.
3. Дисциплиналар боюнча жумушчу программа, силлабус, СӨАИ, БКФлардын сапаттуу түзүлүшүн талкуулоо, бекитүү.
4. Ар түрдүү маселелер.

**УГУЛДУ:**

Кафедра башчысы ф.и.к., доц. Р.Ысмаилова күн тартибинде каралуучу 1-маселе б.а. кафедранын активдерин кайра шайлоо боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу Ж.Арзыматова**: – Кафедрадагы активдерди шайлоо боюнча төмөнкүдөй оюмду билдиргим келет: усулдук иштер боюнча улук окутуучу А.Маматованы, илимий иштер боюнча Ү.Аскаровду, тарбиялык иштер боюнча Т.Иманкулованы, катчы М.Исаеваны, уюштуруу иштер боюнча Б.Адылбекова менен М.Жусубалиеваларды н кандидатураларын сунуштаймын.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу А.Гаипова:** – Мен да жогоруда айтылганга кошулам. Аталган окутуучулар өз иштерине так, жоопкерчиликтүү мамиле жасашат. Андыктан алардын кандидатурасын сунуштайм жана иштерине ийгилик каалайм.

**УГУЛДУ:**

Кафедра башчысы ф.и.к., доц. Р.Ысмаилова күн тартибинде каралуучу экинчи маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана бул боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу А.Маматова**: – 2023-2024-окуу жылына түзүлгөн НББП жана анын максаттары, окутуунун натыйжалары жана аларга шайкеш келген дисциплиналардын максаттары жана күтүлүүчү натыйжалары секция ичинде талкууланды, дисциплиналар боюнча компетенциялар матрицасы түзүлдү. Кафедранын отурумунун чечими менен бекитүүгө сунуштаймын.

**Окутуучу Д.Салиева**: – Биз да өзүбүздүн секциябызда 2023-2024-окуу жылына түзүлгөн НББПга дал келген дисциплиналардын максаттары жана окутуунун натыйжалары талкууланды, компетенциялар матрицасы түзүлдү.

**УГУЛДУ:**

Кафедра башчысы ф.и.к., доц. Р.Ысмаилова күн тартибинде каралуучу үчүнчү маселе менен кафедранын окутуучуларын тааныштырып өттү жана бул боюнча окутуучулардын ой-пикирлерин билдирүүлөрүн сунуштады.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу А.Кенжебайова**: – Кыргыз тили дисциплинасы боюнча жумушчу программа, силлабус, СӨАИ, БКФлар секция ичинде талкууланды. 2022-2023- окуу жылында үч сааттан бөлүштүрүлгөндүгүнө байланыштуу, жаңы окуу жылында эки сааттан бөлүштүрүү менен оңдолуп түзүлдү.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Окутуучу Акбар кызы Эркайым**: – Биз да секциядагы дисциплиналар боюнча жумушчу программа, силлабус, СӨАИ, БКФларды талкууладык жана толуктоолор менен оңдоп түздүк. Кафедранын отурумунун чечими менен бекитүүгө сунуштайбыз.

**СӨЗГӨ ЧЫКТЫ:**

**Улук окутуучу Б.Адылбекова**: – Секциядагы дисциплиналар боюнча жумушчу программа, силлабус, СӨАИ, БКФларды кайра карап чыгып, оңдоо-түздөөлөр менен иштеп чыктык. Дисциплиналардын максаттары НББПнын максаттарына, окутуунун натыйжаларына шайкеш келет.

**УГУЛДУ:**

Кафедра башчысы ф.и.к., доц. Р.Ысмаилова күн тартибиндеги ар түрдүү маселеде каралуучу эмгек тартиби, кафедрадагы уюштуруу иштери менен окутуучуларды тааныштырып өттү. Жамаатты аталган маселелерди так сактоону сунуштады.

Кафедранын жалпы жамааты айтылган сунуштарды бир добуштан колдошту.

Жогоруда айтылгандарды эске алуу менен кафедранын отуруму төмөнкүдөй

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Кафедранын төмөнкү активдери: усулдук иштер боюнча улук окутуучу А.Маматова, илимий иштер боюнча Ү.Аскаров, тарбиялык иштер боюнча Т.Иманкулова, катчы М.Исаева, уюштуруу иштер боюнча Б.Адылбекова менен М.Жусубалиевалар шайлансын.

2. 2023-2024-окуу жылына түзүлгөн НББП, анын максаттары, окутуунун натыйжалары жана аларга шайкеш келген дисциплиналардын максаттары, күтүлүүчү натыйжалары талкууланды деп эсептелсин жана компетенциялар матрицасы бекитилсин.
3. Кафедрадагы дисциплиналар боюнча жумушчу программа, силлабус, СӨАИ, БКФлар бекитилсин.

Төрайым: Ысмаилова Р.А.

Катчы: Исаева М.А.